КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ЛЕЙЛЕК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЛЕЙЛЕКСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 79 - Чечими

2021-жылдын 15-апрели

Исфана шаары

Жаңы-Жер айыл аймагынын № 2-Борбордук шайлоо округунан депутаттыкка талапкер М.А. Ахмедованын арыз-даттануусу жөнүндө

2021-жылдын 13-апрелинде саат 16:20да Лейлек аймактык шайлоо комиссиясына Жаңы-Жер айыл аймагынын №2-Борбордук шайлоо округунан депутаттыкка талапкер М.А. Ахмедовадан арыз келип түшкөн. Арыздын мазмунунда №2-Борбордук шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Жаштык айылынын жашоочусу катары Каримова Санобар Махамадиевна №4-Жаштык шайлоо округуна талапкер катары документтерин тапшырган, бирок кандайдыр бир себептерден улам, №2-Борбордук шайлоо округунан депутаттыкка талапкер болуп катталып калгандыгы тууралуу билдирген.

Аталган арыз Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоо мыйзамдарынын бузулушу боюнча келип түшкөн даттанууларды (арыз) эсепке алуу Реестрине 2021-жылдын 13-апрелинде №2-номери менен катталды.

Лейлек районунун аймактык шайлоо комиссиясынын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу тобунун мүчөлөрү 2021-жылдын 14-апрелинде саат 09:00дө аталган арызды карап-чыгып, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат: талапкер С.Каримова 2021-жылдын 2-мартында 6 мандаттуу №4 Жаштык шайлоо округу боюнча талапкер катары тиешелүү болгон документтерин тапшырган. 2021-жылдын 2-мартында РСК-Банктын Исфана Филиалынан шайлоо фондун ачып, шайлоо күроосүн төлөгөн жана кайра аймактык шайлоо комиссиясына келип, берген арызын 4 мандаттуу №2-Борбордук шайлоо округуна жылдыруу боюнча арыз берип, мурдагы жазган арыздарынан баш тарткан. Анткени, С.Каримованын өзүнүн айтуусу боюнча Жаштык айылында жашайт, бирок Борбордук айылында каттоодо турат жана Борбордук айылындагы Хамза атындагы орто мектепте мугалим болуп иштейт. Лейлек АШКнын жумушчу тобунун мүчөлөрү документтер кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде талапкерлерди көрсөтүүнүн тартибинин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын талаптарына ылайыктыгын текшерет жана талапкерди каттоо жөнүндө чечим кабыл алуу алдында документтерден талапкерди каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган каттоо боюнча ылайык келбөөчүлүктөр жашаган жери тууралуу маалымат базадан выписканын көчүрмөсү эксендигин таап, талапкерге маалымдаган. Талапкер маалымдоо алынган учурдан тартып 19-март күнү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына базадан выписка документтерин берген.

Бул боюнча кайрадан түшкөн арызда көрсөтүлгөн иш-аракеттерди тастыктоо боюнча Лейлек райондук жарандык абалдын актыларын каттоо, калкты паспорттоштуруу жана каттоо бөлүмүнө Каримова Санобардын каттоо даректери тууралуу маалымат берүү боюнча 2021-жылдын 14-апрелинде кат жолдонгон. Лейлек райондук жарандык абалдын актыларын каттоо, калкты паспорттоштуруу жана каттоо бөлүмүнөн келген маалыматтар боюнча С.Каримованын паспорт боюнча дареги Центральное (Борбордук) айылы, Эркиндик көчөсү-үй №16 –деп көрсөтүлгөн. Бул маалымат базага 2021-жылдын 19-мартында катталгандыгы белгиленип турат. Ал эми анын буга чейинки каттоо дареги с.Центральное Кыргызстан көчөсү –деп белгиленип турат.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден

төмөн эмес билими бар, тиешелүү административдык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 2-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттын мүчөсү - тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү туруктуу жашаган жерин каттоо жөнүндө жарандын паспортундагы белги менен аныкталат.

Каримова С.М., жергиликтүү жамааттын мүчөсү катары Жаңы-Жер айылдык кеңешиндеги түзүлгөн шайлоо округдарынын бирине талапкер катары өзүн - өзү көрсөтүүгө укуктуу. Талапкерлер шайлоочулардын тизмесинде көрсөтүлгөн участок боюнча гана өзүн өзү көрсөтүлүшү керек экендигин Мыйзамда көрсөтүлгөн эмес

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиялары жөнүндө" Мыйзамынын 20-беренесинин негизинде.
Лейлек аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. М.А. Ахмедованын арызы канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечимдин көчүрмөсү арыз ээси М.А. Ахмедовага берилсин.

Төрага: А.Рахманов

Катчы: Н.Максутова